| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ТАЛАС ОБЛАСТЫ**<br>**МАНАС РАЙОНУ**<br>**КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**МАНАССКИЙ РАЙОН**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**<br>**КЫРГЫЗСТАН** |

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин I -чакырылышынын IV –кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 48**

**25.02.2026-жыл** **Талас айылы**

**"Кыргызстан айыл аймагындагы чарбалык каналдарды Манас райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүп берүүгө макулдук берүү жөнүндө"**

Талас башкы суу чарба башкармалыгынын 2026 –жылдын 27-январындагы № 01-9/84 сандуу катын аткаруу максатында Кыргызстан айылдык кенеши талкуулап **токтом кылат:**

1. Кыргызстан айыл аймагында жайгашкан 1жана 2(иреттеги) каналдар жана ички чарбалык БСР, Манас райондук суу чарба башкармалыгына өткөрүлүп берилсин .
2. Токтомдун аткарылышын өткөрүп берүү жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн убактылуу милдетин аткаруучу жер маселелер боюнча башкы адис М.Жунусалиевге милдеттендирилсин
3. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Кыргызстан айыл кеңешинин жер боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЫРГЫЗСТАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кеңешинин I -чакырылышынын V –кезексиз сессиясынын токтому**

02.03.2026 **№ 49** **Талас айылы**

**Карьерге жер берүү жөнүндө**

Кыргызстан айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 30-январындагы №01-9/51 сандуу кайрылуусунда көрсөтүлгөн, Кыргызстан айыл аймагына караштуу №475-контурдан кум-шагал алуу үчүн карьер катары колдонуу тууралуу кайрылуусун карап Кыргыз Республикасынын жер кодексинин 18-беренесинин "Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндө жергиликтүү кеңештердин компетенциясы" 3-пунктуна ылайык Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.Кыргызстан айыл аймагына караштуу № 475-контурдан кум-шагал алуу үчүн карьер катары колдонууга экологиянын корутундусу менен уруксат берилсин.

2.Жогорудагы жер аянтына тиешелүү мамлекеттик акты жасалып, аймактын жарандарын кум-шагал менен камсыз кылуу жагына пайдаланылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б.Дүйшөбаевге тапшырылсын.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЫРГЫЗСТАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин I -чакырылышынын V –кезексиз сессиясынын токтому**

03.03.2026 **№ 50** **Талас айылы**

Кыргызстан айыл аймагына караштуу №47-контурундагы 2000,0 кв.м. жер тилкеси идентификациялык коду 6-03-03-0001-0152 Ч сериялуу 079822 сандуу жер участогуна болгон жеке менччик укугу жөнүндө мамлекеттик актысы Талас облустук сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын 08.04.2025-жылдагы аныктамасы менен, Талас обулусунун административдик сотунун 29.01.2025-жылдагы чечими, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 29.09.2025-ж. аныктамасына ылайык, Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 65-бер. 1-п. ылайык, Ушул Кодекстин 63-беренесинин 7-пунктунда жана 67-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча М.Чылманбетовго тиешелүү болгон жер тилкесине болгон укук токтотулуп, учурда жер тилкелери мамлекеттик же муниципалдык менчик ээсине өткөрүү жөнүндө айыл өкмөт башчысы М.Дүйшөбаевдин билдирүүсүн угуп жана талкуулап айылдык кеңештин кезексиз сессиясы

**токтом кылат:**

1. Кыргызстан айыл аймагына караштуу №47-контурундагы 2000,0 кв.м. жер тилкеси идентификациялык коду 6-03-03-0001-0152 Талас облустук сотунун административдик иштер боюнча соттук коллегиясынын 08.04.2025-жылдагы аныктамасы менен, Талас обулусунун административдик сотунун 29.01.2025-жылдагы чечими, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун 29.09.2025-ж. Кыргыз Республикасынын Жер кодексинин 65-бер. 1-п. ылайык, Ушул Кодекстин 63-беренесинин 7-пунктунда жана 67-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган негиздер боюнча М.Чылманбетовго тиешелүү болгон жер тилкесине болгон укук токтотулуп, учурда жер тилкелери мамлекеттик же муниципалдык менчигине алынсын.
2. Кабыл алынган токтомдун аткаруу жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн жер адиси М.Жунусалиевге милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М.Дүйшөбаевге тапшырылсын.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЫРГЫЗСТАНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кеңешинин I -чакырылышынын**
**V –кезексиз сессиясынын токтому**

03.03.2026 **№ 51** **Талас айылы**

Кыргызстан айыл аймагынын калкка берилүүчү ичүүчү таза суунун 1 куб метринин (1м3) баасын Май, Айтматов айылдарынын таза сууга болгон төлөмдөрүн (тарифин) бекитүү боюнча “Талас-Май” муниципалдык ишканасынын жетекчиси Ж.Омур[illegible]овдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап Кыргызстан айылдык кеңештин кезексиз сессиясы

**токтом кылат:**

1. Кыргызстан айыл аймагына боюнча калкка берилүүчү ичүүчү таза суунун 1 куб (1м3) баасы 30 (отуз) сом өлчөмүндө бекитилсин.
2. Жаңы тариф 2026-жылдын3-мартынан баштап күчүнө кирсин.
3. “Талас-Май” муниципалдык ишканасы бекитилген тарифке ылайык калк менен келишимдерди түзүү жана төлөмдөрдү өз убагында чогултуу жагы тапшырылсын.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин финансы жана экономика боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрайым** **Н.Качкымбаева**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ

ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА

ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЫРГЫЗСТАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин I - чакырылышынын кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 52**

06-апрель 2026-жыл — Талас айылы

**“Кыргызстан айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу наамын ыйгаруу жөнүндө”**

Кыргызстан айыл Кеңешинин депутаттары кезексиз сессиясында Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М. Дүйшөбаевдин кайрылуусун карап, Кыргызстан айыл кеңеши:

**токтом кылат:**

1. Ш.Кочкорбаев атындагы орто мектебинин директору Эдиева Самара Муратдиновнага билим беруу тармагындагы эмгеги учун айылдык ардактуу атуулу наамы ыйгарылсын. Ошол эле мектептин окуучусу Шукурбеков Байэлди Республикалык тарых сабагынан жогорку жетишкендикке жетишүүсүнө салым кошкон мугалим Иманкулова Нуржакан Камчыбековна белгиленсин.

2. Аталган мугалимдердин эмгегин баалап, аны тиешелүү сыйлыкка жана “Кыргызстан айыл өкмөтүнүнүн ардактуу атуулу”наамы ыйгарылсын.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М. Дуйшобаевге тапшырылсын

Төрайым: Н.С Качкымбаева

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛУСУ<br>МАНАС РАЙОНУ<br>КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>МАНАССКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫРГЫЗСТАНСКОГО АЙЫЛНОГО<br>АЙМАКА |
|---|---|---|

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 53**

6-апрель 2026-жыл Талас айылы

**"Муниципалдык менчикке алуу жөнүндө"**

Манас районунун Кыргызстан айыл аймагынын Айтматов айылынын чыгыш тарабында жайгашкан №35 контурдан Мамлекеттик Салык кызматынан тиешелүү болгон 2,0га жер тилкесин Кыргызстан айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине өткөрүп алуу үчүн Кыргызстан айылдык кеңешинин кезексиз сессиясы токтом кылат:

1. Айтматов айылынын чыгыш тарабында №35 контурдан Мамлекеттик Салык кызматына тиешелүү болгон 2,0га жер тилкесин Кыргызстан айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчигине өткөрүп алууга макулдук берилсин.

2. Бул токтомдун аткаруу багытында муниципалдык менчикке кабыл алуу иштерин жүргүзүү жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М. Дуйшобаевге тапшырылсын

Төрайым: Н.С Качкымбаева

ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЫРГЫЗСТАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 54**

21-апрель 2026-жыл — Талас айылы

**"Укук бузуулардын алдын алуунун негиздери жөнүндө "**

Манас райондук ички иштер бөлүмүнөн келип түшкөн № 26/164-1-26-5/2-00500 катты карап чыгып, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык, Кыргызстан айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кыргызстан айыл аймагындагы коомдук жайларда тамеки, электрондук тамеки чегүүгө жана спирт ичимдиктерин ичүүгө тыюу салынсын.
2. Тамеки чегүүгө уруксат берилген атайын бөлүнгөн жайлар белгиленсин
3. Бөлүнгөн жайлардын жайгашкан жерлерине тиешелүү тыюу салуунучу жана уруксат берүүчү табличкалар, ошондой эле көрсөтмө белгилер орнотулсун .
4. Бул токтомдун аткарылышын Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б. Дүйшөбаевге жүктөлсүн
5. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет

Төрайым: — Н.С Качкымбаева

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
КЫРГЫЗСТАНСКОГО АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын кезексиз сессиясынын токтому**

**ТОКТОМ № 55**

27-апрель 2026-жыл Талас айылы

**"Жергиликтүү жамааттардын типтүү**
**уставын бекитүү жөнүндө "**

Кыргыз Республикасын "Жергиликтүү мамлекеттик администрициясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө " Мыйзамына ылайык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин буйругун жетекчиликке алып, жергиликтүү жамааттардын ишмердүүлүгүн укуктук жана уюштуруучулук жактан жөнгө салуу максатында , Кыргызстан айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жергиликтүү жамааттардын Типтүү уставы бекитилсин
2. Айыл өкмөтүнө караштуу бардык жергиликтүү жамааттарга Типтүү уставдын негизинде өз уставдарын иштеп чыгуу жана белгиленген тартипте бекитүү милдеттендирилсин
3. Жергиликтүү жамааттардын уставдарын мамлекеттик каттоодон өткөрүү боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн
4. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б. Дүйшөбаевге жүктөлсүн
6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө туруктуу комиссияга жүктөлсүн

Төрайым: Н.С Качкымбаева

ТАЛАС ОБЛУСУ
МАНАС РАЙОНУ
КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ

ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
МАНАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ КЫРГЫЗСТАНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Кыргызстан айыл аймагынын айылдык кенешинин**
**I-чакырылышынын кезексиз сессиясынын токтому**

## ТОКТОМ № 56

13-май 2026-жыл Талас айылы

**“ Кара-Бактын жээгинен жер берүү жөнүндө ”**

Кыргызстан айыл аймагынын Талас-Новодонецк авто жолунун жээгинен Кара-Бактын бурчунан сезондук эс-алуучу жай ачуу үчүн Кылычбек уулу Урматка беш жылдык мөөнөт менен 0,80га жер аянты ижарага берүү боюнча уруксат берүү үчүн Кыргызстан айылдык кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Талас-Новодонецк авто жолунун жээгинен Кара-Бактын бурчунан сезондук эс-алуучу жай ачуу үчүн Кылычбек уулу Урматка беш жылдык мөөнөт менен 0,80га жер аянты ижарага берүүгө макулдук берилсин.

2. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М.Б. Дүйшөбаевге жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы агро комитетинин туруктуу комиссияга жүктөлсүн

Төрайым: Н.С Качкымбаева